**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ХАЛМИОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ХАЛМИОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Халмион айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз он тогузунчу сессиясы

**29.11. 2022-жыл.** **№57 токтом** **Халмион айылы.**

**Халмион айыл аймагынын айылдардагы коомчулуктардын инвестициялык ассоциациясынын иш жүргүзүү аймагын аныктоо жана айылдык кеңешинде каттоого алуу жөнүндө**

Халмион айылдык кеңешинин кезексиз сессиясында сунушталган маселелерди, айылдардагы коомчулуктардын инвестициялык ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жыйынында Халмион айыл аймагынын коомчулуктардын ассоциациясынын уставы ассоциациянын конференциясында бекитилгендигинин негизинде жана конференциянын катышуучуларынын ассоциациясыны каттого алуу сунуш протоколун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 15-июлундагы “Жергиликтуу өзүн- өзү башкаруу жөнүндөгү №101 Мыйзамын 4-главасынын 31-беренесинин 2-бөлүмүнүн 8-пунктуна ылайык Халмион айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Баткен облусунун Кадамжай районунун Халмион айыл аймагынын айылдардагы коомчулуктардын инвестициялык ассоциациясынын Уставына ылайык иш жүргүзүү аймагы Кадамжай районунун Халмион айыл аймагынын чек ара аймагы болуп аныкталсын.

2.Кадамжай районунун Халмион айылдык кеңешинин айылдардагы коомчулуктардын инвестициялык ассоциациясынын бекитилген уставына жана конференциянын сунуш протоколуна ылайык Халмион айыл аймагынын айылдардагы коомчулуктардын инвестициялык ассоциация каттоого алынсын.

3.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

4.Айылдардагы коомчулуктардын инвестициялык ассоциациясынын аткаруу комитетине ассоциациянын уставында жана ар тараптуу кызматташуу килишимдеринде көрсөтүлгөн кызматташууну ишке ашырууда көмөк көрсөтүү жагы Халмион айыл аймагынын айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

Төраганын м.а. Камилжанов Э.Ш.